| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br><br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**<br>**КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br><br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА** |

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

“28” июль 2026-жылдагы №34 Панфилов айылы

## Акча каражаттарын жылдыруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-39-беренелерине, Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №59 “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси” 115-беренсине, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” мыйзамына жана Курама айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Б.К.Космосаалыевдин маалыматын угуп жана талкуулап, ошондой эле Курама айылдык кеңешининин туруктуу бюджеттик комиссиясынын 2026-жылдын 13-июлундагы №01-4/7 протоколунун негизинде, Курама айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Оңдоо-түзөө иштерин жүргүзүүгө келип түшкөн 1 250,0 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаты төмөнкүдөй бөлүштүрүлсүн:

а) 4403081251003732 (70111) мамлекеттик кызматтар бөлүмүнүн 2221-беренесине учурда оңдоо иштерине 515,0 миң сом.

б) 4403081251003328 (70629) Турак жай-коммуналдык кызматтар бөлүмүнүн 2221-беренесине учурда оңдоо иштерине 700,0 миң сом.

в) 4403081251005247 (70911) Бала-бакча бөлүмүнүн 2221-беренесине учурда оңдоо иштерине 35,0 миң сом.

2. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.

3. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Курама айылдык кеңешинин туруктуу бюджеттик комиссиясына жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары** **Д.М.Манамкулов**